КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Жергиликтүү кеңешинин

ТОКТОМУ

“05” 10 2026-ж №204 **Кызыл-Суу айылы**

Швейцария өкмөтү жана Швейцария жана кызматташтык Агенттиги тарабынан каржыланып жаткан айыл аймагында «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбооруна каралган акча каражаты тууралуу.

Швейцария Өкмөтү каржылаган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоордун алкагында дараметин жогорулатуучу грант катары бериле турган акча каражатын 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетке киргизип жана чыгымдоолоруна кошумча 155 000 (бир жүз элүү беш миң) сомду туура пайдалануу максатында жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат.**

1.Швейцария Өкмөтү каржылаган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» долбоордун алкагында дараметин жогорулатуучу грант катары “Муниципалдык мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде “Логопед” тайпасын ачуу демилгеси боюнча келип жаткан 155 000 (бир жүз элүү беш миң) сом акча каражаты Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетине киришителип, айыл өкмөтүнүн дараметин жогорулатууга чыгымдалсын.

2.Жети-Өгүз районунун финансы башкармалыгынан дараметти жогорулатуучу грант катары келип жаткан 155 000 (бир жүз элүү беш миң) сом акча каражатын аппарат бөлүмүнүн атайын эсептик счетуна тиешелүү беренелерине кошумча бекитилип берилсин.

3.Каралган акча каражатын өз багытында туура пайдалануу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Баякуновго милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Маданбековго жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновго тапшырылсын.

Төрайым **Г.Чыныбаева**